**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 24-ноябрындагы №787 буйругу менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин “17-КРАЭ. Авиациялык коопсуздук” Кыргыз Республикасынын Авиациялык эрежелерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү” буйругунун долбооруна**

# САЛЫШТЫРМА ТАБЛИЦАСЫ

| Учурдагы редакция | Болжолдуу редакция |
|---|---|
| 5) адам факторлорунун аспекттери – авиациядагы долбоорлоо, тастыктамалоо, кадрларды даярдоо, техникалык тейлөө жана эксплуатациялык иш-аракеттерге карата колдонулуучу жана адамдын мүмкүнчүлүктөрүн туура эсепке алуу аркылуу адам менен системанын башка компоненттеринин ортосундагы оптималдуу өз ара аракеттенүүнү камсыз кылууга багытталган принциптер; | **5) адам фактору - адамдын жөндөмдүүлүктөрү, өзгөчөлүктөрү жана мүмкүнчүлүктөрүнүн чектери жөнүндө илимий билимди жабдууларды, системаларды, ал иштеген шарттарды жана ал аткарган милдеттерди иштеп чыгууга байланыштуу колдонуу;** |
| 78) транзиттик жүргүнчүлөр – аэропортко келген каттамы менен менен кайра учуп кете турган жүргүнчүлөр; | **78) транзиттик жүргүнчүлөр жана багаж. Бир эле аба кемеси менен учуп келген жана учуп кеткен жүргүнчүлөр жана алардын колундагы жүктөрү;** |
| 79) трансфердик жүргүнчүлөр жана багаж - бир каттамдан экинчи каттамга жүктөлгөн жүргүнчүлөр жана жүктөр; | **79) трансфердик жүргүнчүлөр жана багаж. Бир учак менен келген жана башка учак менен учуп кеткен жүргүнчүлөр жана алардын колундагы жүктөрү;** |
| **87) адам мүмкүнчүлүктөрү – учуулардын коопсуздугуна, авиациялык коопсуздукка жана авиациялык иш аракеттердин натыйжалуулугуна таасирин тийгизе турган адам мүмкүнчүлүктөрү жана анын мүмкүнчүлүктөрүнүн чеги;** | |

| | |
|---|---|
| 15⁵. Жарандык авиация уюмдары коопсуздукту камсыз кылуу үчүн жаңы жабдууларды киргизүүдө адам факторунун **аспектилерин** эске алышат. | 15⁵. Жарандык авиация уюмдары коопсуздукту камсыз кылуу үчүн жаңы жабдууларды киргизүүдө адам факторун эске алышат. |
| Жарандык авиация органынын компетенциясына төмөнкүлөр кирет: | Жарандык авиация органынын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:<br>**21) тобокелдиктерди баалоонун негизинде директиваларды иштеп чыгуу, аткарылышы милдеттүү болгон коопсуздук бюллетендерин берүү, бошотууларды берүү.** |
| 25. Авиациялык коопсуздук жаатындагы аэропорттордун (аэродромдор, кертодромдор) жетекичлеринин милдетине төмөнкүлөр кирет: | 25. Авиациялык коопсуздук жаатындагы аэропорттордун (аэродромдор, кертодромдор) жетекичлеринин милдетине төмөнкүлөр кирет:<br>**20) жарандык авиация органына авиациялык коопсуздук жаатындагы милдеттүү жана ыктыярдуу билдирүүлөрдү берүү.** |
| 35. Аба кемесинин эксплуатанты коопсуздукту камсыздоого байланыштуу эң аз дегенде төмөну аспекттерди чечет: | 35. Аба кемесинин эксплуатанты коопсуздукту камсыздоого байланыштуу эң аз дегенде төмөну аспекттерди чечет:<br>**20) жарандык авиация органына авиациялык коопсуздук жаатындагы милдеттүү жана ыктыярдуу билдирүүлөрдү берүү.** |
| 40. Иштеп чыгуу аяктагандан кийин Кыргыз Республикасында катталган аба кемесинин эксплуатантынын авиациялык коопсуздук программасы эксплуатанттын жетекчиси тарабынан бекитилет жана жарандык авиация органына макулдашууга берилет. | 40. Иштеп чыгуу аяктагандан кийин Кыргыз Республикасында катталган аба кемесинин эксплуатантынын авиациялык коопсуздук программасы эксплуатанттын жетекчиси тарабынан бекитилет жана жарандык авиация органына макулдашууга берилет. **Жарандык авиация органы менен макулдашылгандан кийин авиациялык коопсуздук** |

| | |
|---|---|
| | **программасы тиешелүү бөлүгү боюнча бардык кызыкдар адамдарга маалымдалат.** |
| 42. Кыргыз Республикасында катталган аба кемесинин эксплуатанты жарандык авиация органы белгилеген квалификациялык талаптарга ылайык келген штаттык жетекчини дайындайт, ал авиациялык коопсуздук жана авиациялык коопсуздук программасынын аткарылышы үчүн жоопкерчилик тартат. Авиакомпанияда авиациялык коопсуздук жана авиациялык коопсуздук программасынын аткарылышы үчүн жооптуу штаттык жетекчинин кызмат ордуна талапкер болгон адамдын авиациялык коопсуздук чөйрөсүндө **5 жылдан кем эмес** иш тажрыйбасы бар, жарандык авиация органы бекиткен персоналды даярдоо программасында белгиленген керектүү билими, тажрыйбасы жана квалификациясы бар адам. | 42. Кыргыз Республикасында катталган аба кемесинин эксплуатанты жарандык авиация органы белгилеген квалификациялык талаптарга ылайык келген штаттык жетекчини дайындайт, ал авиациялык коопсуздук жана авиациялык коопсуздук программасынын аткарылышы үчүн жоопкерчилик тартат. Авиакомпанияда авиациялык коопсуздук жана авиациялык коопсуздук программасынын аткарылышы үчүн жооптуу штаттык жетекчинин кызмат ордуна талапкер болгон адамдын авиациялык коопсуздук чөйрөсүндө иш тажрыйбасы бар, жарандык авиация органы бекиткен персоналды даярдоо программасында белгиленген керектүү билими, тажрыйбасы жана квалификациясы бар адам. |
| 86. Жүргүнчүлөргө көзөмөлдөө үчүн зарыл документтери болгон жана көрсөтүүгө милдеттүү болгон шартта аба кемесине конууда аларды пайдалануу үчүн арналган кирүүгө чектөө коюлган тийиштүү корголуучу зоналарга кирүүгө уруксат берилет. | 86. Жүргүнчүлөргө көзөмөлдөө үчүн зарыл документтери болгон жана көрсөтүүгө милдеттүү болгон шартта аба кемесине конууда аларды пайдалануу үчүн арналган кирүүгө чектөө коюлган тийиштүү корголуучу зоналарга кирүүгө уруксат берилет. **Аэропорттун жетекчиси, аба кемесин эксплуатациялоочу, каттоо учурунда, текшерүү пунктуна киргенде, аба кемесине конууга чыкканда жүргүнчүнүн документтерин текшерүүгө жооптуу органды (адамды) дайындайт.** |
| 110. Авиациялык коопсуздук максатында коммерциялык авиаташууларда иштеген ар бир учуп чыгуучу аба кемесин текшерүү же коопсуздук максатында аба кемесин тинтүү камсыз кылынат. Коопсуздук максатында аба кемесин | 110. **Аба кемесин эксплуатациялоочу коопсуздук максатында коммерциялык аба каттамы менен алектенген учуп бараткан аба кемелерин текшерүүнү же тинтүүнү камсыз кылат. Жарандык авиация органы** |

| | |
|---|---|
| текшерүүнүн же тинтүү жүргүзүүнүн максатка ылайыктуулугун аныктоо тиешелүү ыйгарым укуктуу органдар тарабынан жүргүзүлгөн коопсуздук тобокелдигине баа берүүгө негизделет. | **тарабынан жүргүзүлгөн коопсуздук тобокелдигин баалоонун негизинде, эгерде ал валидациялоо процессин түзбөсө жана зарыл болсо, башка макулдашуучу мамлекет менен кызматташып, туруктуу негизде процедураларды колдонбосо, мындай аба кемелери акыркы учуу пунктунда коопсуздук максатында тийиштүү деңгээлде текшерүүдөн өтүшүн же текшерүүдөн өткөрүлүшүн жана андан кийин коопсуздук максаттарында текшерүүдөн өткөндөн кийин аба кемесинин аэропортунан учуп кеткенге чейинки убакытка чейин уруксатсыз кийлигишүүдөн корголушун камсыз кылат.** |
| | 137[1]. Жүргүнчүлөрдү текшерүү пункттары жүргүнчүнүн жеке текшерүүсү ошол эле жыныстагы текшерүү оператору тарабынан гана жүргүзүлүшү үчүн эркек да, аял да кызматкерлери менен толукталат. Портативдүү металл детекторунун жардамы менен текшерүү, эгерде текшерүүгө тийиш болгон жүргүнчү же жүргүнчүгө таандык болбогон адам каршы болбосо, зарыл болгон учурда карама-каршы жыныстагы кызматкерлер тарабынан жүргүзүлөт. |
| 349. Авиациялык коопсуздукту камсыз кылуу чараларына жана **жарандык авиация органында** билимин андан ары баалоого аба кыймылын башкарган персонал окутулууга тийиш. | 349. Авиациялык коопсуздукту камсыз кылуу чараларына жана билимин андан ары баалоого аба кыймылын башкарган персонал окутулууга тийиш. |
| 407. Тастыктамалык документтин колдонулуу мөөнөтү жарандык авиация органы тарабынан коркунучтарды, объекттин абалын, авиациялык коопсуздук чараларын камсыз кылуу үчүн зарыл булактардын жана | 407. **Сертификациялык документтин жарактуулук мөөнөтү тобокелдикти баалоону, объекттин абалын, авиациялык коопсуздук чараларын камсыз кылуу үчүн зарыл ресурстардын жана каражаттардын бар** |

| | |
|---|---|
| каражаттардын болушун, объекттин авиациялык коопсуздук жана учуулардын коопсуздугу боюнча белгиленген талаптарга ылайык келишин эске алуу менен, бирок эки жылдан ашпаган мөөнөткө белгиленет жана анда айтылган мөөнөттөр аяктаганга чейин колдонулат. | **экендигин, объекттин авиациялык жана учуу коопсуздугу боюнча белгиленген талаптарга шайкештигин эске алуу менен жарандык авиация органы тарабынан белгиленет.** |

**Кыргыз Республикасынын Минстрлер Кабинетине караштуу**
**Жарандык авиация мамлекеттик агенттигинин директору** **Д.К. Бостонов**